**УДК: 894**

***Асангазиева К.***
*Асангазиева Кызбийке – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАНА ТӨКМӨЧҮЛҮК

# КЫРГЫЗСКОЕ УСТНОЕ ТВОРЧЕСТВО И АКЫНСКОЕ ПОЭЗИЯ

# KYRGYZ ORAL CREATIVITY AND AKYN POETRY

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы жана акындардын төкмө өнөрүндөгү артыкчылыктары туурасында сөз болот*

***Аннотация****: В статье рассказывается о кыргызском народном устном творчестве и достоинствах поэтов искусстве литья*

***Summary:*** *The article tells abaut the Kyrgyz folklore and the virtues of poetsm, the of casting*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ырчылар поэзиясы, төкмөлүк, нускоочу акын, жазгыч акын, көркөмдүк каражаттары, жекелик жана жалпылык.*

***Ключевые слова:*** *акынская поэзия, импровизация, акын-назидатель,акынписьменник, средства изображения, общность и индивидуализм*

***Key words :*** *akyn poetry, improvisation, akyn edifier, akyn writer, image means, aytysh, community and individualism, mentor – student.*

Кыргыз эли байыртадан көчмөн турмушту башынан өткөрүп келген карт тарыхы бар улуу эл болуп саналат. Кандай гана кыйын күндөрдү баштарынан кечиргендигине карабастан даанышман-ойчулдарга, акын-төкмөлөргө, жамакчы-жомокчуларга, манасчы-санжырачыларга өзгөчө мамиле жасап келишкен. Андай адамдардын чыгармалары аркылуу көөнө кыргыз элинин каада-салттары, үрп-адаттары жана элдик медициналары менен кошо аш-тойлору, башка элдер менен болгон карым-катыштарын аңдап билүүгө болот.

Негизинен 30-жылдарда эле адабият өкүлдөрү кыргыз элинин рухий тарыхынын айрым учурларын изилдөөдө да жана жазууда алгачкы демилгечилерден болушкан. Өзүлөрүнүн изденүүлөрүндө алар тарыхчынын, адабий изилдөөчүнүн жана философтун ишин айкалышкандыктары да бекеринен эмес. Албетте, бир эле мезгилде бардык тараптан топ боло алышпагандыктан, алар ошол жылдардын абалы шарттаган заманга ылайык келбеген жалпылоолорго жол беришкен. [3,6]

Башка улуттардын адабиятынын башатынын калыптануу жолундагыдай эле кыргыз элинде да адамдын жашоо тиричилигин, дүйнөнү таанып билүүнүн маселелерин ойлонушуп, чечүүгө аракеттенишкен ойчул, даанышман адамдар да өткөн. Андай замандын таланттуу инсандары бай-манаптардын үстөмдүк кылышкан учурларын тартынбастан эл алдында ачык айтып төгүп ырдап бергендери менен айырмаланышкан. Ошону менен катар замандын теңсиздигин, карапайым адамдардын жанга баткан турмуштарын саймедиреп ырдап салышкан. Мындай адамдардын айрымдары жамактатып айтышса, ал эми айрымдары комуздун коштоосу менен ырдашкан. Ал эм кай бирлери көзү көрүп турган нерсени дароо ырга салып ырдап жеткирүү артыкчылыктарына ээ болушкан. Мындай көрүнүштөрүн алар өздөрүнүн кабылдоосуна жараша чагылдырып беришкен. Ч. Айтматов «Дүйнө адам, жакшы менен жаман, ак ниеттик менен кыянаттык күнүмдүк тиричилик –ушунун баарына акын өзүнүн терең жана бекем көз карашынан, азыркы тил менен айтканда философиялык-эстетикалык жана жеке концепциясынан туруп баа берет» [1,5] деп туура белгилеген. Элдик оозеки чыгармачылыкта төкмөлөрдүн ырларында жана ой толгоолорунда адам негизги орунда туруп, анын тарыхы, өмүр, өлүм, үй-бүлө, замандын өзгөрүшү ж.б маселелер негизги орунда турган. Ошондой болсо дагы айрым учурларда өздөрү жөнүндө да ырдап кетишкен.

Байкалып тургандай бул ырда акындын ичиндеги арман-санаасын айтып ырдайт. Акындын бул чыгармасы ошол мезгилдин адабиятында мурда болуп көрбөгөндөй жаңы багытты ачкан десек жаңылышпайбыз. Себеби, табигаттын бир көрүнүшүнүн мисалында, ага кайрылуу аркылуу ички күйүтүн айтып, жүрөгүндөгү өйүгөн маселени күүгө салып ырдаган.

Ушул сыяктуу жеке арманын ыр менен берүү мотиви Токтогул акындын чыгармаларынан да кездештирүүгө болот. Башкача айтканда өзүнүн тагдырына байланышкан ырлар десек болот. Акындын «Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү», «Эзилдим шумдук заманда», «Буурул болуп карыдым» ж.б ырларын атоого болот.

Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген,
Колума кишен салындым.
Ойлонуп түшкө кирбеген,
Көркоолорго багындым. [5,307]

Берилген үзүндү ыр сапта акын жашоосундагы мүңкүрөп тургандыгы мүнөздөлөт. Токтогул акын эки доорду башынан кечирген, чыгармачылыгы да ошого жараша калыптанып, такшалган. Демек, мезгилдин, замандын өйдө-ылдый сыноосун башынан кечирген инсан.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктагы акындардын чыгармачылыктары ааламдын, адамдын жаратылышы жөнүндөгү ойлору кыргыз жашоосунун башаты катары эсепөөгө болор эле. Акындар адамдардын ортосундагы мамиледен тарта, жаратылыштын өзгөрүшү, аң сезимдердин кагылышууларын алдын ала көрө билгичтик менен ырдашкан. Алардын санат-насыяттарында турмуштук философияны кенен кездештирүүгө болорун айтып кетсек болот. Албетте белгилей кетүүчү жагдай, ал мезгилдеги бардык акындардын шык-жөндөмү, ырчылык деңгээли жана көз-караштары бирдей болгон эмес. Айрым чыгаан акындар залкар ойлорду санат-насыят түрүндө нуска кептер менен келтире ырдашкан. Андай өнөр ээлерин жалпы журт ичинде жамакчы деп аташкан. Ал эми айрымдарынын ырларынан мазмундуулугу жана формасы жана сөздөрүнүн дал келүүлөрү менен уккандарды таңдандырышкан.

Ырчылыктын туу чокусу – бул төкмөлүк деп атоого болот. Мында акындар өз өнөрлөрүн сынашып айтыштын түрлөрү аркылуу бири-бири менен күч сынашып көрүшкөн. Октябрь революциясынан кийинки кыргыз элинин айтыш өнөрүндөгү абал тууралсында адабиятчы-окумуштуулар ар тараптуу жазып, изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Төкмөлүк өнөр жөнүндө сөз кылганыбызда Токтогул, Калык, Осмонкул, Барпы, Алымкул, Токтоналы, Ысмайыл жана Эстебес, Токтосун сыяктуу ырчылардын ысымдары менен байланыштуу. Даңазалуу жазуучубуз Ч.Айтматов өз убагында «Илимий-техникалык революция доорунун келиши менен өз ордун көркөм аң-сезимдин заман талап кылган башка түрлөрүнө бошотуп берип, бизден улам алыстап, күчтүү өкүлдөрү барган сайын сейректеп бараткан чоң өнөрдүн бири-төкмө ырчылык. Эл ичи-түгөнбөс кенч, балким төкмө ырчылардын тукуму эч качан үзүлбөй жүрүп олтурар. Ошентсе да мен бул өнөрдүн гүлдөө доору алдыда эмес, артта калды го деп ойлойм» [5,307] деген пикири менен бөөлүшкөн. Жазуучунун айтканына кайсы бир деңгээлде кошулууга болот. Бирок, ошондой болгон күндө акындарыбыздын чыгармачылыгынын абдан өркүндөгөн мезгили деп айтууга болбогону менен көрөңгөлүү элдин уучу куру эместигин белгилеп кетүүгө болот.

Бүгүнкү күндүн акындарын Замирбек Үсөмбаев, Амантай Кутманалиев, Жеңишбек Жумакадыр, Аалы Туткучев, Азамат Болгонбаевдердин ысымдары менен байланыштыра кетсек ашыкча эмес. Бул ырчылар айтыштын улуу муундар пайдаланган салттарын бузбай жаңы турмуштун шартына ылайык андан ары чыгармачылык менен улантып келүүдө. Учурдун төкмөлөрү мурдагы айтыштарда колдонулуп келгендей эле ырчылардын күч сынашуусу сыяктуу элементтердин сакталып келе жаткандарын байкайбыз.

Төкмөчүлүк – алдын-ала даярдыксыз ар кандай көрүнүштөр жөнүндө оозеки ырдоо өнөрү. Ал кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бүткүл улуу мурасын жараткан. Бул өнөр ырчынын турмушту аңдап билүүсүнүн тереңдиги, ой жүгүртүү чабытынын, сөз байлыгынын ченемсиз кеңдиги, рухий толкундоосунун бийиктиги менен тыгыз байланышканда гана кеңири белгилүү чыгармалар жаралат. Төкмө акындар адатта, бир ырдаган ырын кийин кайра ырдаган шартта аны бир топ өзгөртүп ийишет. Анткени, ал эки учурда эки түрдүү абалда болот. Ар кыл сөздөрдү, уйкаштыктарды тандайт. Демек, импровизациялык өнөрдүн кылда чокусуна чыккан, ырчылыктын барып жеткен чеги

төкмөчүлүк өнөрү менен аныктала тургандыгын байкай алабыз. Ал эми төкмөлөр талант даражасына, кайсы бир тематикада күчтүүлүгүнө, турмушту көркөм жана таамай аңдоосуна, аны баяндай билүүсүнө карата ар кыл болуп бөлүнүшөт.

Төкмөлүк өнөрдөн тереңдеп кеткен элдик ырчыларга башкалардан айырмаланган өзгөчөлүктөрүнө карата аларга «ак таңдай», «жез таңдай», «булбул», «кара жаак» деген ысымдарды көпчүлүк калк өздөрү ыйгарышкан. Бул эл тарабынан берилген ысымдар төкмөлүк өнөрдүн өкүлдөрүнө гана ылайыкташкандыктан, андай наамдарга ар бир комуз кармап ырдаган ырчылар туура келе берген эмес. Кыргыз элинин арасынан чыккан акындарды эки топко бөлүшкөн. Алар: акын-импровизаторлор жана жазгыч акындар. Кайсыл топко кирген акындар болбосун алар ораторлук искусствону жакшы билген, керек учурда азыркы тил менен айтканда бийлик менен элдин ортосундагы дипломатиялык ишти аркалашкан. Алардын ичинен да бай-манаптардын кылган иш аракеттерин сындаган жана жактап ырдагандары да болгон. Айрым учурларда турмуштун оош-кыйыштарына байланыштуу болгон жашоо-шарттарын мыскылдап, кордоп ырдаган айтыштарды да колдонушкан.

Негизгиси айтыштын бардык эле түрлөрүндө чечендик ыкма менен кеткен суроо-жооптуу же так кесе айтылган учкул сөздөр менен болгон айтыш чоң чеберчиликти, таба билгичтикти талап кылган. Ошол эле учурда айтышка түшкөн акындар бири-биринин артыкчылыктарын, күчүн сынашуу менен бирге үйрөнө турган жактарын дагы байкап турушкан. Чыгармачылыктын бул түрүндө акындардын жаш өзгөчөлүктөрү бирдей болбогондугу маанилүү болгон эмес. Бүгүнкү күндө ата-бабалардан калган баалуу мурасыбызды жоготуп албоо жана улантуу максатында «Айтыш» республикалык коомдук фонду 2001-жылы ЖКнын мурдагы депутаты Садык Шер Нияз тарабынан негизделген. Фонддун негизги максаты - төкмө акындардын чыгармачылыгын колдоо жана жайылтуу максатында түзүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз элинин байыртадан бери оозеки жашап келген улуттук чыгармачылыктын ичинен маанилүү орунда турган төкмөлүк өнөрдүн артыкчылыктарын жаш муундарга жеткирүү негизги маселелердин бири. Андыктан адабиятыбыздагы айтыш өнөрүн баалоо жана аларда камтылган философиялык ойлорго маани берүү келечегибизге оң таасирин тийгизет деген ишенимдебиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Ак таңдай акындын мурасы. Жеңижок ырлары. –Ф 1983
2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Ф., 1988
3. Жаныбеков Ж. Кыргыз рухундагы социалдык-философиялык идеялар жана көз караштар. Ош-1996
4. Жеңижок. Ырлар жыйнагы. Даярдаган www.bizdin.kg/ 64-б
5. Мурас. Түзгөн: М. Абдылдаев. –Фрунзе «Кыргызстан» 1990
6. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу жана синкреттүү табияты. -Б «Шам» 2006